Бекитилди
«Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын
Башкы директору тарабынан
2026-жылдын 02-июлунда

2023-жылдын 10-январында бекитилген, 2026-жылдын 11-июнундагы редакциядагы Керектөө кредити жөнүндө келишимди түзүүгө карата Ачык офертага 2026-жылдын 02-июлунда түзүлгөн Кошумча макулдашуу

Бул Кошумча макулдашуу (мындан ары – «Макулдашуу») 2023-жылдын 10-январында бекитилген, жеке жактарга багытталган жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары – Кредитор) мурда түзүлгөн Керектөө кредити жөнүндө келишимди өзгөртүүгө сунушу болуп саналган Керектөө кредити жөнүндө келишим түзүүгө карата Ачык офертанын (мындан ары – «Оферта») ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Бул Макулдашуу Кредитордун бекитилген өнүмдүк линейкасына ылайык «Кийин төлө» кредиттик өнүмү боюнча (мындан ары – «Кийин төлө» кредиттик өнүмү) белгиленген колдонуудагы кредиттик линиялардын алкагындагы транштарды берүү шарттарын өзгөртүүгө багытталган. Бул Макулдашуу Кредитордун https://www.akchabulak.kg расмий сайтына (мындан ары – Сайт) жайгаштырылууга тийиш жана мурда Офертаны кабыл алган, «Кийин төлө» кредиттик өнүмү боюнча колдонуудагы кредиттери бар бардык Карыз алуучуларга карата колдонулат.

## 1. Кредиттик линиянын алкагында транштардын мөөнөттөрүнүн шарттарын өзгөртүү

1.1. «Кийин төлө» кредиттик өнүмүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу жана колдонуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү максатында, ушул Макулдашуунун шарттарына ылайык, «Кийин төлө» кредиттик өнүмү боюнча колдонуудагы кредиттик линиялар боюнча транштардын мөөнөттөрү 2026-жылдын 20-июлунда күчүнө кире турган жана Кредитордун сайтында жарыяланган «Акча Булак» МКК» ЖЧКсынын Тарифтерине жана кызмат көрсөтүү шарттарына ылайык Карыз алуучу тандаган соода-тейлөө ишканасына жараша 7 (жети) календардык күндөн 30 (отуз) календардык күнду түзөт деп белгиленет. Көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр Карыз алуучулар үчүн шарттарды жакшыртууга багытталган жана Карыз алуучулардын укуктарын начарлатпайт жана милдеттерин көбөйтпөйт.
1.2. Транштардын мөөнөттөрү боюнча жаңыланган шарттар мурда Офертаны кабыл алган жана 2026-жылдын 20-июлуна карата «Кийин төлө» кредиттик өнүмү боюнча колдонуудагы кредиттик линиялары бар бардык Карыз алуучуларга карата колдонулат жана 2026-жылдын 20-июлунан тартып күчүнө кирет, мында «Кийин төлө» кредиттик өнүмү боюнча кредиттин жеке шарттары көрсөтүлгөн Офертаны кабыл алуу жөнүндө жоопту (акцепти) өзгөртүүгө кошумча макулдашууну түзүүнүн зарылдыгы жок. Жогоруда көрсөтүлгөн күндөн тартып колдонуудагы кредиттик линиялар боюнча транштар ушул Макулдашуунун 1.1-пунктуна ылайык мөөнөткө берилет. Көрсөтүлгөн күнгө чейин ачылган транштар алар

ачылган учурда колдонулуп жаткан шарттарда (транштын мөөнөтүн кошо алганда) жана мындай транштар боюнча милдеттенмелер толук аткарылганга чейин төлөнөт.

## 2. Карыз алуучуларга кабарлоо тартиби жана алардын макулдугу

2.1. Бул Макулдашуу Кредитордун расмий Сайтына жарыяланган учурдан тартып Карыз алуучулар Офертанын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө кабарланды деп эсептелет. Өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Карыз алуучунун кредиттик линиянын алкагында кредиттик лимитти андан ары колдонуп баштаганы Карыз алуучунун өзгөртүүлөрдү кабыл алганынын тастыктоосу болуп саналат.

## 3. Башка шарттар

3.1. Бул Макулдашуу 2026-жылдын 20-июлунан тартып күчүнө кирет жана Офертанын негизинде түзүлгөн керектөө кредити жөнүндө келишимдер боюнча милдеттенмелер толук аткарылганга чейин колдонулат.

3.2. Ушул Макулдашууда көрсөтүлбөгөн Офертанын бардык башка шарттары күчүндө калат жана Тараптар үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 4. Корутунду жоболор

4.1. Бул Макулдашууну Кредитордун Сайтына жайгаштыруу Карыз алуучуларга өзгөртүүлөр киргизилгендиги жөнүндө тиешелүү түрдө кабарлоо болуп эсептелет.

Бул Макулдашуу Керектөө кредити жөнүндө келишимдин бөлүгү болуп саналат жана Офертанын алкагында жана анда белгиленген шарттарда колдонулат.